**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЧОН-АЛЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Бириккен Чоң-Алыш айылдык кеңешинин уюштуруу сессиясынын**
**№ 1 ТОКТОМУ**

2024-жылдын 21-февраль — Манас айылы

Бириккен Чоң-Алыщ айылдык кеңешинин төрагасын шайлоо боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколду бекитүү тууралуу

“ Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы № 370 Жарлыгына, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 7-февралындагы № 24 Жарлыгы менен бекитилген пилоттук режимде жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформанын алкагында жергиликтүү кеңештердин иши жөнүндө Убактылуу жобону жетекчиликке алып,

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Бириккен Чоң-Алыш айылдык кеңешинин төрагасын шайлоо боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө 2024-жылдын 21-февралындагы №1 протокол бекитилсин.

2. Бириккен Чоң-Алыш айыл аймагынын Чоң-Алыш айылдык кеңешинин **Биримкулов Рустамбек Тентимишович** шайланган төрагасы деп таанылсын.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**Төрага** — **Р. Биримкулов**

Талас облусунун Талас районундагы бириккен Чоң-Алыш айылдык кеңешинин төрагасын шайлоо ачык добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө

№ 1 протоколу

2024-жылдын 21-февралы Манас айылы

Төрагалык кылуучу Батырбекова Керез

Сессиянын катчысы Курманалиева Назгул

Катышкандар:

Өмүралиев, Карасуу айылдык кеңештери бириккен Чоң-Алыш айылдык кеңешинин жалпы депутаттарынын саны-22, анын ичинен катышкандары-18 (он сегиз)

" Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы № 370 Жарлыгына, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 7-февралындагы № 24 Жарлыгы менен бекитилген пилоттук режимде жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформанын алкагында жергиликтүү кеңештердин иши жөнүндө Убактылуу жобого ылайык, төрагалык кылуучу Батырбекова Керез Бириккен Чоң-Алыш айылдык кеңешинин төрагасын шайлоо боюнча ачык добуш берүүнүн тартиби менен тааныштырды.

Бириккен Чоң-Алыш айылдык кеңешинин төрагасынын кызмат ордуна________ ______________________________

Айыл аймагын түзгөн айылдык кеңештердин төрагалары ат салышкан.

1. Биримкулов Рустамбек - Кара-Суу айылдык кеңешинин төрагасы
2. Дуйшоналиев Майрамбек - Өмүралиев айылдык кеңешинин төрагасы
3. ____________ - ________ айылдык кеңешинин төрагасы

Ачык добуш берүүнүн жыйынтыгы боюнча төмөндөгүлөр аныкталды:

1.Бириккен Чоң-Алыш айылдык кеңешинин депутаттарыныен жалпы саны – 22 (жыйырма эки)ни түзөт.

2. Ачык добуш берүүгө катышкан депутаттардын саны-18 (он сегиз)

3. Талапкерлердин пайдасына берилген добуштардын саны (алфавиттик тартипте):

1. Биримкулов Рустамбек 18 (он сегиз) добуш.
2. Дуйшоналиев Майрамбек 0 (нөл) добуш.
3. ____________ ____ (________) добуш.

Талас районундагы мєралиев, Карасуу айылдык кеңештери бириккен Чоң-Алыш айылдык кеңешинин төрагасынын кызмат ордуна ар бир талапкер боюнча ачык добуш берүүнүн жыйынтыктары аныкталды, ага ылайык депутаттардын көпчүлук добушун алган талапкер

Биримкулов Рустамбек

**бириккен Чоң-Алыш айылдык кеңешинин шайланган төрагасы** деп таанылды.

Төрагалык кылуучу [signature] Батырбекова Керез

Сессиянын катчысы [signature] Курманалиева Назгул.